**Бишкек шаарынын Свердлов районунун №94 жалпы орто билим беруу мектебинин 2020-2021 окуу жылына карата окуу–тарбия иштери боюнча анализ- отчету.**

| Анализдин мазмуну | милдеттери | Милдеттердин ишке ашышы боюнча жыйынтыгы |
|---|---|---|
| **Педкадр лардын курамы** | **Мугалимдердин сапаттык жана составдык курамы** | 2020-2021-окуу жылында жалпы 106 мугалим эмгектенди. Алардын ичинен мугалимдердин саны-106 соц педагог-1 , библиотекарлардын саны – 2 . Мугалимдердин сапаттык саны-билими боюнча жогорку билимдүү- 44, атайын орто-6, бүтпөгөн – 4. Окуу жылынын аягында мугалимдердин саны-54, Жыл ичинде жаңы жумушка кабыл алынган мугалимдердин саны-5. Ал эми жумуштан бошонгон мугалимдердин саны - 2 мугалим болду. Бардык мугалимдер бул жылы жетиштүү болду. Бардык предметтер боюнча мугалимдер толук камсыз болушту. 79 класс-комплект базистик окуу планы менен бекитилди, 39 класс-комплект 1-4-класстар башталгыч класстар, 40 класс-комплект 5-11-класстар болуп түзүлдү. |
| **Окуучулардын класс-комплектиси жана класстардын багыттаы менен бөлүнүшү** | **Класс-комплект** | Класс-комплект боюнча : 2020-2021-окуу жылы.<br>2020-21-окуу жылында 79 класс комплект менен 2836 окуучу менен толукталды. |

| **Класс.** | **Класстардын жалпы саны.** | **Окуучулардын жалпы саны.** |
|---|---|---|
| 1 | 10 | 324 |
| 2 | 10 | 364 |
| 3 | 9 | 315 |
| 4 | 10 | 357 |
| 1-4 | 39кл.орус кл - 2. кырг .кл-37 | 1360кырг.кл. 52-окуучу орус класс |
| 5 | 8 | 312 |
| 6 | 9 | 349 |
| 7 | 6 | 215 |
| 8 | 6 | 228 |
| 9 | 6 | 225 |
| 10 | 3 | 74 |
| 11 | 2 | 73 |
| 1-11 | 79 | 2836 |

2020-2021-окуу жылында базистик окуу планы менен окутулду.

**Ички көзөмөл**

2020-2021-окуу жылындагы 8-11--класстардын математика сабагы боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы
Көзөмөлдүн мазмуну: окуучулардын билимин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин текшерүү
Көзөмөлдүн формасы: административдик пландуу көзөмөл
Колдонулуучу метод: текшерүү иш
Аткаруучулар: 8-11- класстар
Предмет: математика

| **Класс** | **1 текшерүү иш** | | **2 текшерүү иши** | | **3 текшерүү иши** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Билим сапаты** | **жетишүү** | **Билим сапаты** | **жетишүү** | **Билим сапаты** | **жетишүү** |
| 8-А | 37% | 100% | 40% | 100% | 44% | 100% |
| 8-Б | 35% | 100% | 42% | 100% | 43% | 100% |
| 8-В | 42% | 100% | 44% | 100% | 46% | 100% |
| 8-Г | 41% | 100% | 43% | 100% | 45% | 100% |
| 8-Д | 38% | 100% | 40% | 100% | 42% | 100% |
| 8-Ж | 36% | 100% | 40% | 100% | 41% | 100% |
| **8** | **38%** | **100%** | **42%** | **100%** | **44%** | **100%** |
| 9-А | 37% | 100% | 40% | 100% | 40% | 100% |
| 9-Б | 42% | 1 0% | 44% | 100% | 40% | 100% |
| 9-В | 41% | 100% | 41% | 100% | 41% | 100% |
| 9-Г | 37% | 100% | 38% | 100% | 38% | 100% |
| 9-Д | 38% | 100% | 40% | 100% | 42% | 100% |
| 9-Ж | 42% | 100% | 43% | 100% | 43% | 100% |
| **9** | **40%** | **100%** | **41%** | **100%** | **41%** | **100%** |
| 10-А | 33% | 100% | 37% | 100% | 37% | 100% |
| 10-Б | 36% | 100% | 38% | 100% | 39% | 100% |
| 10-В | 35% | 100% | 39% | 100% | 40% | 100% |
| **10** | **35%** | **100%** | **38%** | **100%** | **39%** | **100%** |
| 11-А | 34% | 100% | 36% | 100% | 37% | 100% |
| 11-Б | 32% | 100% | 35% | 100% | 36% | 100% |
| **11** | 33% | 100% | 36% | 100% | 37% | 100% |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| **Ички көзөмөл** | | Жыл бою жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы менен математика предметинен 8-9-10-11-класстар билим  сапаты  жогорулагандыгын корсөттү. Бирок окуучулардын кетирген каталардын үстүндө иштөө дайыма жүргүзүлөт, окуучулар менен өз алдынча иштөө, жетишпеген окучуларды системалуу иш алып баруунун үстүндө иш жүргүзүү сунушталды.<br><br>2020-2021-окуу жылындагы  8-11--класстардын кыргыз тили  сабагы боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы |

Көзөмөлдүн мазмуну: окуучулардын билимин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин текшерүү
Көзөмөлдүн формасы: административдик пландуу көзөмөл
Колдонулуучу метод: жат жазуу
Аткаруучулар: 8-11- класстар
Предмет: кыргыз тили

| Класс | 1 текшерүү иш | | 2 текшерүү иши | |
|---|---|---|---|---|
| | Билим сапаты | жетишүү | Билим сапаты | жетишүү |
| 8-А | 40% | 100% | 41% | 100% |
| 8-Б | 34% | 100% | 38% | 100% |
| 8-В | 42% | 100% | 43% | 100% |
| 8-Г | 41% | 100% | 42% | 100% |
| 8-Д | 34% | 100% | 35% | 100% |
| 8-Ж | 32% | 100% | 35% | 100% |
| **8** | **37%** | **100%** | **39%** | **100%** |
| 9-А | 48% | 100% | 49% | 100% |
| 9-Б | 46% | 100% | 48% | 100% |
| 9-В | 50% | 100% | 51% | 100% |
| 9-Г | 42% | 100% | 44% | 100% |
| 9-Д | 44% | 100% | 44% | 100% |
| 9-Ж | 43% | 100% | 45% | 100% |
| **9** | **46%** | **100%** | **47%** | **100%** |
| 10-А | 50% | 100% | 51% | 100% |
| 10-Б | 49% | 100% | 51% | 100% |
| 10-В | 45% | 100% | 46% | 100% |
| **10** | **48%** | **100%** | **49%** | **100%** |
| 11-А | 42% | 100% | 45% | 100% |
| 11-Б | 43% | 100% | 45% | 100% |
| **11** | 43% | 100% | 45% | 100% |

2020-2021-окуу жылындагы 8-11--класстардын орус тили сабагы боюнча жүргүзүлгөн ички көзөмөлдүн жыйынтыгы
Көзөмөлдүн объектиси: окуу процесси
Көзөмөлдүн мазмуну: окуучулардын билимин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин текшерүү
Көзөмөлдүн формасы: административдик пландуу көзөмөл
Колдонулуучу метод: жат жазуу
Аткаруучулар: 8-11- класстар
Предмет: орус тили

| **Класс** | **1 текшерүү иш** | | **2 текшерүү иши** | |
|---|---|---|---|---|
| | **Билим сапаты** | **жетишүү** | **Билим сапаты** | **жетишүү** |
| 8-А | 41% | 100% | 42% | 100% |
| 8-Б | 38% | 100% | 40% | 100% |
| 8-В | 41% | 100% | 43% | 100% |
| 8-Г | 44% | 100% | 46% | 100% |
| 8-Д | 42% | 100% | 43% | 100% |
| 8-Ж | 45% | 100% | 47% | 100% |
| **8** | **41%** | **100%** | **44%** | **100%** |
| 9-А | 36% | 100% | 39% | 100% |
| 9-Б | 42% | 100% | 43% | 100% |
| 9-В | 44% | 100% | 44% | 100% |
| 9-Г | 39% | 100% | 42% | 100% |
| 9-Д | 38% | 100% | 40% | 100% |
| 9-Ж | 42% | 100% | 42% | 100% |
| **9** | **40%** | **100%** | **42%** | **100%** |
| 10-А | 49% | 100% | 50% | 100% |
| 10-Б | 46% | 100% | 48% | 100% |
| 10-В | 44% | 100% | 46% | 100% |
| **10** | **46%** | **100%** | **48%** | **100%** |
| 11-А | 41% | 100% | 42% | 100% |
| 11-Б | 44% | 100% | 44% | 100% |
| **11** | 43% | 100% | 43% | 100% |

2020-21-окуу жылындагы 8-11—класстардын химия сабагы боюнча жүргүзүлгөн
ички көзөмөлдүн жыйынтыгы
Көзөмөлдүн объектиси: окуу процесси
Көзөмөлдүн мазмуну: окуучулардын билимин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин текшерүү
Көзөмөлдүн формасы: административдик пландуу көзөмөл
Колдонулуучу метод: тесттик иш
Аткаруучулар: 8-11- класстар
Предмет: химия

| Класс | 1 тест | | I1 тест | |
|---|---|---|---|---|
| | **Билим сапаты** | **жетишүү** | **Билим сапаты** | **жетишүү** |
| 8-А | 38% | 100% | 40% | 100% |
| 8-Б | 32% | 100% | 34 % | 100% |
| 8-В | 45% | 100% | 46% | 100 |
| 8-Г | 36% | 100% | 37% | 100% |
| 8-Д | 34% | 100% | 35% | 100% |
| 8-Ж | 36% | 100% | 37% | 100% |
| **8** | **37%** | **100%** | **38%** | **100%** |
| 9-А | 41% | 100% | 44% | 100 |
| 9-Б | 43% | 100% | 45% | 100% |
| 9-В | 44% | 100% | 45% | 100% |
| 9-Г | 38% | 100% | 41% | 100% |
| 9-Д | 40% | 100% | 43% | 100% |
| 9-Ж | 42% | 100% | 45% | 100% |
| **9** | **41%** | **100 %** | **44%** | **100%** |
| 10-А | 35% | 100% | 37% | 100% |
| 10-Б | 33% | 100% | 37% | 100% |
| 10-В | 38% | 100% | 39% | 100% |
| **10** | **35%** | **100%** | **38%** | **100%** |
| 11-А | 34% | 100% | 36% | 100% |
| 11-Б | 37% | 100% | 40% | 100% |
| **11** | **36%** | **100%** | **38%** | **100%** |

2020-2021-окуу жылындагы 8-11—класстардын физика сабагы боюнча жүргүзүлгөн
ички көзөмөлдүн жыйынтыгы
Көзөмөлдүн объектиси: окуу процесси
Көзөмөлдүн мазмуну: окуучулардын билимин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин текшерүү
Көзөмөлдүн формасы: административдик пландуу көзөмөл
Колдонулуучу метод: тесттик иш
Аткаруучулар: 8-11- класстар
Предмет: физика

| Класс | 1 тест | | I1 тест | |
|---|---|---|---|---|
| | **Билим сап т** | **Билим сапаты** | **жетишүү** | **жетишүү** |
| 8-А | 43% | 100% | 44% | 100% |
| 8-Б | 33% | 100% | 35 % | 100% |
| 8-В | 41% | 100% | 45 % | 100% |
| 8-Г | 38% | 100% | 40% | 100% |
| 8-Д | 34% | 100% | 36% | 100% |
| 8-Ж | 35% | 100% | 37% | 100% |
| **8** | **37%** | **100%** | **40%** | **100%** |
| 9-А | 46% | 100 % | 49% | 100% |
| 9-Б | 39% | 100% | 40 % | 100% |
| 9-В | 48% | 100% | 49% | 100% |
| **9** | **44%** | **100%** | **46%** | **100%** |
| 10-А | 42% | 100% | 44% | 100% |
| 10-Б | 43% | 100% | 45% | 100% |
| 10-В | 41% | 100% | 42% | 100% |
| **10** | **42%** | **100%** | **44%** | **100%** |
| 11-А | 46% | 100% | 47% | 100% |
| 11-Б | 45% | 100% | 48% | 100% |
| **11** | **46%** | **100%** | **49%** | **100%** |

Жалпысынан алганда ички көзөмөл боюнча планга коюлган билим ксилиши боюнча жат жазуу, текшерүү иштер жана тесттик иштер алынды. Текшерүү иштин жыйынтыгында окуучулардын билим сапаты жогорулагандыгын көрсөк болот. Ал эми математика предметинен математикалык багыттагы класстар гана жогорку көрсөткүч, ал эми башка класстар ортоңку деңгээлди көрсөткөн. Ички көзөмөлдүн жүргүзүлүшү системалуу өткөрүлдү. Ички козөмөлдөн тышкары ар бир предметтен календардык-тематикалык пландарга жана өзүн-өзү аттестациялоо учурунда өткөрүлгөн билим кесилиштерин өз убагында жүргүргүзүлдү.

**Июнь** айында 9-11-класстарда бүтүрүү сынактары ийгиликтүү өттү. 9-класстарда 6класста 223 бүтүрүүчү жана 11-класста 2 класс 73 бүтүрүүчү аяктады.

Бүтүрүү классы жалпы республикалык тестирлөөдөн өтүштү.

| № | Анализдин мазмуну | Аткарылган иштер |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1 | **Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу** | Бардык мугалимдердин саны -105.<br>1)Билимдерди баалоо курсунан өткөн мугалимдердин саны - 8.<br>2)Сапаттуу билим боюнча «Бирге ,окуйбуз» курсунан өткөн мугалимдердин саны-25. Мүмкүн болушунча курстардын баардыгына мугалимдердин катышып туруусу жана барууга шарт түзүп берүү. Жыл ичинде 6 мугалим КББА билимин жогорулатуу курстарын өтүп , сертификат алып келишти.Сабактарда методикалык ыкмаларды туура өздөштүргөн, ар бир педагогдун<br>ишмердүүлүгүн күчөтүү жана жайылтуу.КББА нан башка уюмдардан,<br>борборлордон билимин жогорулатуу курстарын тактоо, алар менен байланыш түзүү.Ар бир мугалимдин чыгармачылык деңгээлин байкоо.<br>Өз билимдерин жогорулатуусун канчалык деңгээлде өткөрүлүп жаткандыгын аныктоо.<br>Мугалимдерге методикалык жардам катары семинарларды уюштуруу.Ар түрдүү мазмундагы тренингдердин өтүлүшүнө колдоо көрсөтүү.<br>Курстарга,семинарларга,тренингдерге катышкан мугалимдерге шарт түзүп берүү болуп саналат |
| 2 | **Календарлык-тематикалык пландар менен иш алып баруу.** | Бардык мугалимдердин календарлык-тематикалык пландары 2020-жылы КББА жана Билим берүү Министирлиги тарабынан бекитилген окуу программасына ылайык түзүлгөн.Календарлык пландар мектептин усулдук кенешинде бекитилген. Календарлык пландар бардык мугалимдерде толук. |
| 3 | **Сабактарга катышуу** | Жыл боюу мыкты сабактарды өткөрүп өздөрүнүн ачык сабактарында инновациялык технологиялардын негизинде чыгармачылык менен көрсөтмөлүү сабактарды өтүштү.Ал эми сабакка даярдыктары жакшы деңгээлде уюштурулган мугалимдер дагы болду. Мындан тышкары жаш адистердин сабактарынын саптын жогорулатуу жана усулдук жардам берүү максатында ар бир жаш мугалимге жана жаңы келген мугалимдердин сабактарына катышу жүргүзүлдү.Булардын ичинен сабактын структурасын түзүү,сабактын планын жазуунун иретин үйрөнүү жана көрсөтмө куралар менен иштей билүү,жакшы деңгээлде сабак берүүгө аракеттенген жаш адистерди айта кетсек болот.. Мектепке жаңы келген мугалимдердин сабактарына үзгүлтүксүз кирүү,алардын усулдук жактан даярдыгын алдын ала текшерүү Жаш мугалимдер жана жаңы келген мугалимдерге үзгүлтүксүз усулдук жардамдарды көрсөтүү аларга билимин өркүндөтүүчү курстарга барып туруусун уюштуруу. |
| 4 | **Мугалимдер-дин чыгарма-чылык деңгээлин жогорулатуу** | Мектеп ичинде насаатчы мугалимдер тарабынан кароо-сынагы өзгөчө формада өткөрүлдү. Кароо- сынакка катышкан мугалимдер бир традициялык эмес, бир традициялык сабакты өттү.<br>Карыпбаева Гулзат ар бир сабагында интерактивдүү жаңы ыкмаларды пайдалануунун жолдорун , техникалык каражаттарды өзү колдонуу менен заманбап талабына ылайык өттү.Окуучулар менен тыгыз иштөөсү жана сабактарын жакшы деңгээлде өтүүсү болду. |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | **Олимпиада** | 1. Мектеп ичинде 6 предметтен 8-кл, 9-кл. 15 окуучу, 10-11 кл. 4 предметтен арасында 12 окуучу катышты.<br><br>Олимпиадага даярдоодо ошол окуучулардын убакытты аябоо. Олимпиадалык резервдеги окуучулар менен тынымсыз иш алып баруу болуп эсептелинет.<br>Окуучулардын компетенттүүлүгүн арттыруу менен билиминин денгээлин күчөтүү. Логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү. 5-класстан баштап олимпиадалык резервге даярдоо.Мугалимдердин чыгармачылык деңгээлине көзөмөл салуу. 5-класстан баштап<br>окуучулардын кайсы предметке кызыгуусуна карап туруп бөлүштүрүү жана күчөтүү. Предметтик мугалимдер тарабынан окуучуларга туура маалымат берүү.Мугалимдердин олимпиадага даярдоодо жоопкерчилигин жогорулатуу Элективдүү , олимпиадалык курстун эсебинен<br>предметтердин сапаттуулугуна өзгөчө математика, орус тили, физика, информатика, англис тили, тарых ,география предметтерине көңүл бөлүү. Олимпиадага даярдоодо предмет боюнча методикалык адабияттарды толуктап, багыт берүү. Шыктуу балдар менен иштөө программасын аткаруу менен окуучулардын предметке болгон кызыгуусун өнүктүрүү.Олимпиадага баруучу окуучуларды предметке болгон кызыгуусун арттыруу менен туура багыт берүү.Так илимдер боюнча окуучулардын кызыгуусун арттыруу жана өнүктүрүү<br>Окуучулардын заман талабына ылайык маалыматтык технологиялар менен камсыз кылуу жана өнүктүрүү.<br>Мугалимдердин жаңы жогорку технологиялар менен иштөөсүн өнүктүрүү.Мектеп билими менен гана чектелбей, ар тараптуу өзүн -өзү өнүктүрүү<br>Жайкы каникулга окуучуларга тапшырма берүү иштерин уюштуруу. Олимпиадага даярдоодо ошол окуучулардын убакытты аябоо.<br>Окуучулардын компетенттүүлүгүн арттыруу менен билиминин денгээлин күчөтүү. Логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү. 5-класстан баштап<br>окуучулардын кайсы предметке кызыгуусуна карап туруп бөлүштүрүү жана күчөтүү.Шаардык, республикалык олимпиадаларда орун алууга жетишүү, умтулуу.Мектептин деңгээлин көтөрүү менен иш алып баруу болуп эсептелинет. |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | **Жаш мугалимдер менен иштөө** | Ар бир жаш мугалимге насаатчы мугалимдер бекитилди. Жаш мугалимдер устаттары менен бирдикте тыгыз иш алып барышты.<br>Жаш мугалимдерге усулдук жардам катары атайын ачык сабактар өтүлдү.Жаш адистерге бирикмелер тарабынан сабакты өтүүдөгү кездешкен кыйынчылыктар боюнча тегерек стол өткөрүлдү.<br>Семинарлардын жыйынтыгында жаш мугалимдер сабак өтүүдөгү кездешкен, журналдар менен иштөөдөгү проблемаларды устаттар менен бирге талкуулашты. Жаш адистердин 2 жумалык декадасы өткөрүлдү. Декадада ар бир жаш адис ачык сабак өтүштү. Мугалимдер өздөрүнүн өтүлгөн ачык сабактарында интерактивдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу кызыктуу сабактарды өтүштү. Жаш мугалимдерге усулдук жардамды күчөтүү.Жаш мугалимдерди өз билимин өркүндөтүүсүнүн үстүндө иш алып баруу. Насаатчы менен шакиртинин ортосундагы байланышты күчөтүү.Сабактын эффективдүүлүгүн арттыруу максатында үзгүлтүксүз иш алып баруу. Жаш адистердин мектеп ичиндеги жана шаардык семинар-тренингдерге активдүү катышуусу.Иш үстүндөгү кыйынчылык кырдаалдарды чече билүү.Ишке жоопкерчиликтүү, так мамиле жасоо жана иш –чараларды өз убагында өткөрүү.Көрсөтмө куралдарды сабакта көбүрөөк колдонууга үйрөтүштү жана ар бир жаш мугалим иш алып барууга даяр. |
| 7 | **Пед.кадрлар менен иштөө** | Мугалимдер бири-биринин сабагына катышып, тажрыйба алмашышты. Администрация мүчөлөрү тарабынан өтүлгөн сабактарына катышып, анализдер берилди.<br>Мектепте быйылкы окуу жылында предметтик мугалимдерге, жаш адистерге жана башталгыч класстарынын мугалимдерине , шаардык деңгээлдеги өтүлгөн семинарларга катышууга шарт түзүп берилди.<br>Ар бир жаш мугалимге насаатчы мугалимдер бекитилди. Жаш мугалимдер устаттары менен бирдикте тыгыз иш алып барышты. Насаатчылар менен биргеликте тренингдер жүргүзүлдү. Окуу кабинеттери талапка ылайык эмеректер, туруктуу жана мезгилдүү жабдуулар менен жасалгаланып, көрсөтмө куралдар , усулдук адабияттар менен камсыздоону пландаштыруудабыз жана аракет жасадык. |
| 8 | **Педагогикалык кеңешмелер** | Педагогикалык кеңешмелер өз убагында өткөрүлдү.<br><br>1.2020-2021- окуу жылындагы окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы жана 2021-2022-окуу жылындагы максаттары, милдеттери.<br>2. “Окуу-тарбия процессиндеги инновациялык –эксперименталдык ишмердүүлүктүн өнүгүшү”<br>3. “Класс жетекчилердин аткарган кызматы .<br><br>6. 2020 - 2021-окуу жылындагы 11-9 – класстардын мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын жыйынтыгы |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | **Методикалык иш кагаздар** | Мектептин класс жетекчилеринин жобосу, директор алдындагы кеңешменин жобосу, мектептеги окуучулардын жүрүш-турушу боюнча жобосу, мектептеги жазгы сессия жөнүндө жобо, ички көзөмөлдүн жобосу,мектепте дежурлук кылуу жобосу иштелип чыкты.<br>Элективдүү курстар, олимпиадалык курстар жана предметтик ийримдер боюнча программалары түзүлүп, ишке киргизилди.Мугалимдердин партфолиолору менен иш алып барылып, толуктоолор киргизилди. Предметтик тесттер чейрек боюнча, класс-классы менен топтолду. Предметтик мугалимдердин иш кагаздары жана дидактикалык материалдары быйылкы окуу жылында жаңыртылып, каникул ичинде иш кагаздары боюнча көргөзмө уюштурулду.<br>Мугалимдердин инновациялык технологияларды колдонуулары боюнча папкалар уюштурулду. Бул папкаларда пед кадрлардын активдүү технологияларды колдонулушунун түстүү гаммада этаптары боюнча көрсөтүлдү. |
| 10 | **Тартиптүүлүктүн, тартип бузуунун жана кылмыштуу-луктуктун жыйынтык тары** | Свердлов райондук ИДН менен №94 ОМ нын окуучулардын тартип бузуусунун алдын алуу максатында бирге иш планы бекитилген. Ошондой эле микроучасток боюнча иш жүргүзүү максатында рейддердин графиги бир жылга түзүлүп бектилген. Мектеп ичинде окуучулардын тартип бузуусун алдын-алуу боюнча профилактикалык Кенеш түзүлгөн, планы бектитилген. Тартип бузган балдарды учетко коюу каралган. Ар бир класс жетекчиге өздүк папкасын ачтыртып, иш планын тактап көзөмөлгө алуу. Чейректер, жарым жыл, жыл аягында анализ түрүндө отчет талап кылуу . Мектепке жардам катары психолог, СБ кызматтарын киргизилген рейддин графиги түзүлдү. Айрыкча 7,8,9,10,11 класстардын окуучуларына, ата-энелери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.<br>Тартип бузуунун алдын алуу кенешинде окуучулардын тартип бузуусу каралып турду, Баары ийримдерге, коомдук иштерге тартылды. Окуучулардын тартип бузуусу линейкаларда да каралып турду. Класстык сааттар өтүлдү. Окуучулардынын психологиялык, жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып, психолог, соц педагог менен иш жүргүзүүнү, класс жетекчилер ата - энелер, окуучулар менен кызматташтыкты, мектеп окуучуларына психологиялык жардамды күчөтүү. Башка балдардын мектеп территориясынын жанында туруп, окуучуларга рэкет болуусун алдын алуу.Рейддерди мектеп микроучастогуна мугалимдер СБ, ИДН кызматкерлери менен жүргүзүү. Дежур болгон класстарга көзөмөлүн күчөтүүнү милдеттендирүү. Башка мектептер менен тыгыз байланышта иш алып баруу. Мектеп парламенти, мугалимдер, класс жетекчилер шиш алып барышты. |
| 11 | **5.Мектепте түзүлгөн тарбия иштерине карата иш чаралар** | Жаны окуу жылында тарбия иштерин пландоо окуу, илимий- методикалык жана башталгыч класстардын, райондук билим берүү башкармалыгынын иш чараларына карата түзүү. Конкурстар ар бир параллелдерге бөлүндү. Класс жетекчилерге тарбиялык сааттарды семинар- тренингдерди пландоо жана өткөрүү. Тарбия иштерин Мамлекеттик программалардын негизинде жана багыттар менен алып баруу. Мектеп ичинде көзөмөл дежурство, форма, күндөлүк, мектептин ичи, сыртын тазалоо иштери, субботниктерди өткөрүү, кабинеттерди жашылдандыруу иштери. Райондук, шаардык конкурстарга, акцияларга активдуу катышуу, социометриялык изилдөө жүргүзүү, окуучуларды мектепке тартуу иштери аткарылды. |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | **Тарбиялык саттар** | Окуу жылынын башында ар бир класс үчүн биринчи жарым жана экинчи жарым жылга карата тарбиялык саттар окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, темага карата жаңыланып түзүлүп бекитилген. Өтүлүүчү сабактар ар бир айда 4 жолу окуучунун жаш өзгөчөлүктөрүн, мамлекеттик программалар, учурдун актуалдуу проблемаларына карата темаларга бөлүнгөн. Андан башка жыл бою өтүлүүчү ачык тарбиялык саттар бекитилген.<br>Класстык тарбиялык саттар, мамлекеттик программалар, багыттар боюнча жыл бою өтүлдү, акциялар, конкурстар көргөзмөлөр, жолугушуулар болуп өттү. Тематикалык 8-11-класстар үчүн нравалык, экологиялык, ден соолук, патриоттуулук багытында,“Гендердик тендик”, “Туберкулез-4”, “СПИД -21 кылымдын коркунучтуу дарты” календардык план боюнча өтүлдү. Класстык саттар класс жетекчилер менен бирге КР «Билим берүү» мыйзамынын талабына жооп бере турган денгээлде түзүлгөн. “Алтын күз”, “Мугалимдер күнү” Инвалиддер күнү, Карыларга жардам, ВИЧ-СПИДге каршы,укук коргоо боюнча сабактар өтүлдү. 8- класстар үчүн “Тамеки чегүүнү зыяндуулугу акты залында слайд аркылуу өттү.<br>Улуу Ата-Мекендик согушка катышкан ветерандарга карата жүргүзүлгөн акцияларга бүт класстар активдүү катышты. Ачык тарбиялык саттар өтүлдү. Ветерандар менен жолугушуулар болду. |
| 13 | **Окуучулар-дын укукгу** | Балдардын укугун коргоо закондорунун, Балдар укугунун Конвенциясынын негизинде иш пландарын түзүү жана бекитилип, класстык саттарды, тегерек стол, панорамалык ачык тарбиялык диспут, дискуссия өткөрүлдү. |
| 14 | **Окуучуларды тарбиялоодо жогорку жыйынтык көрсөтүүчү мектептин традициясы нын эффективдүүлү-гү** | Мектеп традициясына кирген иш чаралар:<br>даталуу күндөргө карата өткөрүлүүчү кечелер, ачык класстык саттар, тарбиялык саттар, ар түрдүү темаларга карата конкурстар, мелдеш, олимпиада, класстардын дежурствосу, ар бир жума сайын линейкаларда отчет берүүсү, субботниктер, эмгек практикасы. Ар бир класс жетекчи бир жылга иш план түзүү. Конкурстарды өз убагында параллель менен өткөрүп, райондук, шаардык конкурстарга даярдыктарды күчөтүү мектепте традицияга айланган иш- чаралар өз жыйынтыктарын берди «Биринчи конгуроо» аземи “Акыркы конгуроо өткөрүлдү. . «Мугалимдер күнү», «Алтын күз», конкурсунда”Күзгү фантазия “ деген темада 5-7- класстар арасында ярмарка өтүлдү. Бул ярмаркада окуучулар өздөрүнүн колунан жасаган күзгү көрүнуштөрдү столго жайып, алардын иштери калыстар тобу тарабынан бааланды.<br>.«Карылар күнү», «Жаңы жылдык балаты»,”Жаңы жылдык көгүлтүр от”, «8-мартка карата, «Эр жигит», “Валентин күнү”, “Афганистанга катышкан ардагерлер күнү” «9 май» жогорку денгээлде райондук, акимиат, МТУ , ветерандар, “Афган ветерандар союзунан” ардактуу меймандар менен кызыктуу өтүлдү Мектеп ичинде «Жолдо жүрүүнүн эрежеси» өтүлдү. Ички көзөмөл ар бир жума сайын 11- класстан 6- класска чейин жүргүзүлүп, отчету линейкаларда жыйынтыкталып турду. Территорияларга бөлүнгөн класстардын жума сайын субботник өткөрүшү абдан эффективдүү болду. |

| | | |
|---|---|---|
| 15 | **Тарбия иштердин улуттук маданият-салттардын пайдаланы шы** | Тарбиялык план боюнча класстык сааттардын көпчүлүгү улуттук маданият салттарды өзүнө камтыйт. Чыгармачылык ийиримдер, спорттук клубдар да ушул багытта иш алып барышат. Кыргыз тил кафедрасы менен тыгыз байланышта. Класстык саатттар «Мамлекеттик тил», "Эне тилим-эне сүтүм" , «Нооруз» темаларында өтүлдү. "Улут болсоң, тилиң менен улутсуң,улук болсоң тилиң менен улуксуң" деген темада"кыргыз тилчилер тил күнүн өткөрүштү |
| 16 | **13.Мамлекет тик программа лардын аткарылышына анализ** | Жаны окуу жылынын сентябрь айында КР Мамлекеттик программаларынын ишке ашырылып жаткандыгы тууралуу анализ жүргүзүлүп, андан ары улантуу үчүн иш чаралардын убактысы бекитилди. Программалар, КР закондорунун токтомдору "Балдар кодекси", :<br>«Гендерик тендикке жеткирүү боюнча аракеттердин Улуттук планы», «Жащы муун», «ВИЧ/СПИДди алдын алуу», «КОП/НССБ», «Мектепке чейинки, мектеп жашындагы балдардын ден соолугун коргоо», «Тамеки чегүүнүн жарандар үчүн зыяндуулугу», «Хизбут-Тахрир экстремисттик диний иштерин жайылтпоо», «21 кылымдын кадрлары», «Туберкулез 3», «Кыргызстан жаштары», «Инвалиддерди интеграциялоо» жаш өзгөчөлүктөрүн карата мамлекеттик программа, токтомдорду класстык саатка пландаштырышты.Жыл башында Мамлекеттик программаларды орундатуу үчүн иш чаралардын пландары бекитилип, убакыттары белгиленди |
| 17 | **Коопсуздук эрежелерге карата жүргүзүлгөн иштерге анализ** | Мугалимдерге, ар бир класс окуучуларына коопсуздук эрежелерине карата инструкция берилип, кол койдурулган. Бул иш чаралар ар бир чейректе кайталанып турду. Коопсуздук, граждандык коргонуу, жолдо жүрүүнүн эрежелерине карата класстык бурчтар уюштурулуп, тарбиялык сааттар план боюнча өткөрүлдү.Окуучуларды кабинеттерден эвакуациялоонун пландары ар бир этаж боюнча түзүлүп, кабинеттерге илинди. Эвакуациялар өз убагында аткарылып турду. Штаб начальниги тарабынан куткаруучу, өрт өчүрүүчү, санитардык отряддар түзүлгөн. Граждандык коргоо боюнча тарбиялык сааттар 1-11 класстарга өтүлдү. Жолдо жүрүүнун эрежеси боюнча күндөлүктөрдүн беттерине маршруттук баракчалар бекитилип, класстык сааттар өтүлдү.<br>Граждандык коргонуу боюнча райондук деңгээле иш чара өтүлдү. Алкыш барагы менен сыйландык. |
| 18 | **№94 ОМнын микроучастокторун дагы 5-16 жаштагы балдарды каттоо ишин уюштуруу.** | 2020-2021-окуу жылында август, январь, май айларында 5-16 жаштагы балдарды каттоо иши жүргүзүлдү.Свердлов райондук билим берүү борборунун жана Свердлов райондук администрациянын адистери менен микроучастоктордун жаңы картасын тактоо иштерине соц. педагог катышты. Мектептин жооптуу мугалимдери каттаган балдардын тизмеси Муниципалдык территориалдык башкармалыктын тизмелери менен салыштыруу иштери жүргүзүлдү.<br>Соц. педагог үйлөрдү кыдырууга мугалимдер менен бирге барып, видеокамарага каттоо ишин тартып, жогорку инстанцияларда мугалимдердин үй кыдырып, балдарды катттоо ишин карoo үчүн материал топтоду. Жылына 3 жолу мектептин микроучастокторунда жашаган балдарды каттоо ишин уюштуруу, райондук билим берүү борборуна талап кылынган документтерди тапшыруу. Мектептин микроучастокторунда жашаган балдарды мугалимдер тараптан катоо иши мектептин орчундуу проблемаларынын бири. Мектептин мугалимдери жылына 3 жолу көп кабаттуу үйлөрдү жана жеке үйлөрдү кыдырып, балдарды каттоого алышат. Ар бир балага окуган мектебинен справка такташты. |

| | | |
|---|---|---|
| 19 | **Мектептин окуучуларынын социалдык абалын аныктоо** | Мектептин социалдык паспорту окуу жыл башталганда түзүлдү, экинчи жарым жылдыкта өзгөрүүлөрдү эсепке алуу менен жаңыдан бекитилди. Жыл бою өзгөрүүлөр киргизилип турду.Бул ишке класс жетекчилер катышты. Учетко алынган социалдык категориядагы окуучулардын ар биринин социалдык абалын аныктаган справка топтолду. Социалдык педагог окуу жыл башында Бишкек шаарынын билим берүү башкармалынын соц. педагогдор менен иштешкен адиси жана Райондук билим берүү борборунун адиси менен социалдык категорияга окуучунун таандыгын тастыктаган справакларды чогултуу маселеси боюнча сүйлөштү. Тигил же бул социалдык категорияга караштуулугун тастыктаган справка чогултуу оорчулук туудурат. Окуучулар жана ата-энелер справкаларды алып келүүдөн качууга аракет кылышат, социалдык абалын жашырган окуучулардын справкаларын топтодум. Маалымкаттардын тастыктоосу менен түзүлгөн социалдык паспорт мектептин окуучуларынын чыныгы социалдык абалы көрсөтүлдү.Жылына 2 жолу атайын иштелип чыккан таблица түрүндөгү форма аркылуу ар бир класс жетекчиден маалымат алынды.. Бул маалыматты топтоп, мектептин социалдык паспортун түздүк |
| 20 | **Мектептин социалдык колдоого муктаж окуучуларына жардам көрсөтүү.** | Окуучулар 5-7 –класстардын социалдык колдоого муктаж окуучуларынын акысыз тамактануусун көзөмөлдөө иши 2020- 2021- окуу жылында  башталгыч класстын  окуу тарбия иштер боюнча директордун орун басарына жүктөлдү. Документтери жок окуучунун үй-бүлөсүнө социалдык педагог өз жардамын сунуштады, информация топтоп берди. Социалдык өнүктүрүү башкармалыгында учетко турууну муктаж үй-бүлөгө сунуштады. Ал тууралуу маалымат алууга жардам берди.<br>2020 -2021- окуу жылында социалдык педагог моралдык колдоого муктаж балдар менен иш алып барды. Бул негизинен сүйлөшүү формасында өтүү.Социалдык аз камсыз болгон окуучуларды ай сайын чогултуп , алар менен иш алып  барат. |
| 21 | **Социалдык педагогдун психолог, тарбия иштери боюнча директордун орун басары, класс жетекчилер жана мугалимдер менен иштешүүсү** | Жыл ичинде социалдык педагог окуучуларды профилактикалык кеңешке, тарбия иштер боюнча директордун орун басарына дайындап турду. Социалдык педагогдун психолог, тарбия иштер боюнча директордун орун басары, жашы жете элек балдар менен иш алып барган инспектор, предметтик мугалимдер, жана класс жетекчилер менен иштешүү механизмин чагылдырып, жана көзөмөлдөп турган иш кагаз иштеп чугуу (божомолдо ар бир жогоруда аталган звенодон өтүп турган иш кагаз). Социалдык педагогдун бакоосундагы балдарды зарыл болгон учурларда психологго, тарбия иштер боюнча директордун орун басарына, класс жетекчилерге, мугалимдерге дайындап .алар көзөмөлдөп турушат. |
| 22 | “**Ишеним почтасы”** | Окуу жыл башында “Ишеним почтаны” ачуу боюнча атайын комиссия директордун буйругу менен түзүлдү. Анын курамына тарбия иштер боюнча директордун орун басары, психолог, социалдык педагог кирди. Жил ичинде мектептин линейкаларында “Ишеним почтасы” иштеп жаткандагы тууралуу окуучуларга эскертилип турду. Директордун катышуусу менен ишеним почтасына түшкөн каттардагы суроолор каралды. Ишеним почтасын ачуу протоколдорун социалдык педагог түзүп турду. “Ишеним почтага” түшкөн каттардын саны аз. “Ишеним почтага” окуучулардын ишеничин арттыруу боюнча иш алып баруу зарыл. Ишеним почтага” окуучулардын ишеничин арттыруу боюнча иш алып баруу зарыл. Каттардагы маселелерди чечүүгө аракет көрүлдү. |

| | | |
|---|---|---|
| 2<br>3 | **Балдарды психологиялык изилдөөгө катышуу** | Социалдык педагог 9,11, 5,6-класстарда тестирлөө жүргүзүүгө жардам кылды. Тестирлөө жүргүзүү учурунда социалдык педагогго окуучулар менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк пайда болду. Келерки окуу жылында социалдык педагог психологиялык тестирлөөлөрун кайсы түрлөрүн жүргүзүүгө компетенттүү экендигин аныктады... Мектептин окуучуларынын саны 2869 бала. Психологиялык тестирлөөлөрдү өткөрүү жана жыйынтыктарын чыгаруу көп убакыт талап кылат. |
| 2<br>4 | **Окуу китептер менен камсыз кылуу.** | Мектепте окуу китептери менен толук камсыз болунган. Окуу китептеринен тышкары адабий китептер дагы ушул убакка чейин толукталууда. Бардык шарттар түзүлгөн.Окуучулар бош убактыларында китепканага келип ,өздөрүнө керектүү маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк алышат. |

**ОТИ боюнча директордун орун басары К.К.Ажыгулова**